ISSN 1694-7622

С.Нааматов атындагы НМУнун

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

НГУ имени С.Нааматова

№2,3 2016

Психолого-педагогический анализ сущности понятия «исследовательская компетенция» ........ 197
Psycho-pedagogical analysis of the essence of the concept of "research competence" 197
*Султанбаева Г.С., Барганалиева Ж.К.*
AVN чөйрөсүнүн интерфейстерин жана билим берүүчүлүк портфолиону пайдалануу менен изилдөөчүлүк компетенцияларды калыптандыруу ........ 200
Формирование исследовательских компетенций с использованием интерфейсов среды AVNи образовательного портфолио ........ 200
Formation of research competence with interfaces AVN environment and education portfolios ........ 200
*Табалдиева Ч.Б.*
География предметин окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу ........ 202
*Тажибаева У.К.*
«Курманжан датка" романын инсандын өнүгүүсүнө багыттап окутуу ........ 203
*Таирова К.А.*
Көркөм адабиятты тарбиялоонун булагы катары изилдөө илимий-педагогикалык проблема катары ........ 206
*Такырбашова Г.К.*
Комнатные растения – как объекты в преподавании биологии в школе ........ 208
*Таштанкулова Ж.Ж.*
Современные технологии преподавания, как основа педагогики сотрудничества ........ 211
*Токонбекова К.Ч., Джолдошева Н.Д., Жоргоев Р.Т.*
Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларда педагогика багытындагы окуган студенттердин практикадагы проблемалары ........ 212
*Толобаев М.Ш.*
Воспитание здорового образа жизни Кыргызстанской молодёжи посредством спорта ........ 215
*Төлөнова Г.*
Иш кагаздарынан мүнөздөмөнү окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу ........ 216
*Тунгатарова Н.К.*
Дидактическая игра в педагогическом процессе детского сада ........ 219
*Турдубаева Р.Ж.*
Психологическая поддержка учителя вне школы – одно из направлений методической службы ........ 221
*Узакова М.*
Студенттердин математикалык билимдерин өркүндөтүүнүн проблемалары . 224

сүйүүгө жана патриоттуулукка тарбиялабастан, айлана–чөйрөгө болгон социалдык жоопкерчиликтүү жүрүш–турушун калыптандыруучу предмет катары да негизги милдет жүктөлгөн. Экологиялык маданиятты калыптандыруу окуучу жаратылышты коргоодогу негизги эрежелер жана экологиялык коркунуч жөнүндө так түшүнүктөргө ээ болгон шартта гана ийгиликтүү ишке ашат [3].

Азыркы учурда илимий техникалык өнүгүүнүн натыйжасында маалымат булактары жетиштүү болуп, Амазонка токойлорунда, Тынч океандын түбүндө эмнелер болуп жаткандыгынан окуучу кабардар. Ошондуктан географиялык билим берүүдө актуалдуу проблемалардын бири–окуучуларды өз жеринин жаратылышын окуп үйрөнүүгө кызыктыруу болуп саналат. Кызыктыруунун да бирден–бир ыкмасы географияны окутууда экологиялык багыттуулугун күчтөндүрүү.

География менен экология бири-бирине универсалдуулугу менен окшош предметтер, алар математика, физика, биология, химия илимдери менен тыгыз байланышта. Экологиялык проблемалар коомдон жаралат. Ал эми коом менен адамдын өз ара байланышын география предмети окутат [2].

Көптөгөн экологиялык багыттагы тажрыйбаларга таянып, экологиялык маданиятты калыптандыруунун төмөнкүдөй формасын колдонуу натыйжалуу болот:

- предметтик – экология сабагындагы иш-аракеттер (теориялык материалдарды өздөштүрүү, экологиялык маселелерди чечүү, кроссворд түзүү жана башка чыгармачылык иштерди аткаруу);
- предмет аралык – биология, химия, география, сабактарынын экологиялык мазмунун колдонуу, экологиялык темадагы презентация жана фильмдерди көрүү;
- сабактан сырткары – сабактан сырткары жана класстан сырткары иштердин түрдүү формалары: экологиялык мероприятияларды өткөрүү, экологиялык акцияларга катышуу, экологиялык көргөзмөлөрдү уюштуруу, класстык сааттарды иштеп чыгуужана өткөрүү.
- окуучулардын изилдөө иш аракеттери – окуучулар арасында жыл сайын өткөрүлүүчү экологиялык конференцияларды уюштуруу, экологиялык конференциялардын жеңүүчүлөрү үчүн илимий практикаларга катышуу [4].

Экологиялык маданиятка тарбиялоо боюнча иштер окуучуларда болгон жаратылышты сүйүүгө жана аны коргоого болгон кызыгууну пайда кылып, жаратылышты коргоо иш аракеттерин өнүктүрүүгө багыттайт.

Деги эле Кыргызстандын туруктуу өнүгүшү үчүн экологиялык билим берүүгө мамлекеттик маани берилип, Билим берүү жана илим министрлигинин алдында "Экологиялык билим борборун" уюштуруу зарыл. Бул борбор Кыргызстандын жаратылышын коргоо жаатында иш алып барып, окуу программаларына экологиялык сааттарды киргизүү менен окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууга көмөкчү болоор эле.

***Адабияттар***

1. *Алтыбаев. Ш.Ы.* Мектеп географиясын экологиялаштыруунун айрым жолдору. – Б., 2007.-58 б.
2. *Буковская, Г.В.* Формирование экологической культуры школьников [Текст] / Г.В. Буковская. - Тамбов, 1999.
3. *Бережнова Е.В.* Основы учебно-исследовательской деятельности студентов: Учебник для студ. сред. пед. учеб. заведений / Бережнова Е.В., Краевский В.В. - М.: Издательский центр "Академия", 2005.
4. *Захлебный А.Н., Суравегина И.Т.* Экологическое образование школьников во внеклассной работе. – М.: Изд-во " Просвещение" , 1984 г.
5. *Зверев И.Д.* Ведущие идеи и понятия содержании экологического образования в школе. - М.: Педагогика, 1979. - 45с.
6. Развитие исследовательской деятельности учащихся : метод. сб.- М.: Народное образование, 2010.
7. *Рождественский. Ю.В.* Культура. Начальная школа. - М., - 2002, № 6.25с.
8. http: www.eco.nw.ru/lib/data/10/07/120710.htm
9. http://cbd.minjust.gov.kg/act/preview/ky-kg/58629/10?mode=tekst

---

## «КУРМАНЖАН ДАТКА" РОМАНЫН ИНСАНДЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ БАГЫТТАП ОКУТУУ

**Тажибаева У.К.**

*Тажибаева Уркия Кочкоровна – окутуучу, КМДТжСА, Бишкек ш.*

*УДК 37.371.3:894.341*

***Аннотация:*** *макалада окуучулардын жалпы эле адабиятка, анын ичинде поэзияга болгон кызыгуусун арттыруунун көйгөйлөрү каралуу менен бирге окуучуларда дүйнөнү кабылдоосун, эстетикалык табитин ойготуу, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө максаты коюлат.*

***Аннотация***: *в статье вместе с проблемами повышения интереса к поэзии рассматриваются и задачи возрождения и развития эстетического мировоззрения учащихся, и закрепления у них нравственной патриотической позиции.*

***Abstract:*** *This article is about Controlling in poetries this aims:to perceive the world, invite intrest aesthetics to develop, patriot, education and issues to develop interest of pupils for literature especially poetry.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *эл-жериң сүйүү, ой жүгүртүү, акылмандуулук, сөздүн таасири, поэзия чебери, датканын үмүт-тилеги, адилеттүүлүк.*

***Ключевые слова:*** *любовь к отчизне, народу, мышление, мудрость, влияние слова, мастер поэзии, мечты датки, справедливость.*

***Key words:*** *develop poetric education of pupils, thinking, being smart, influence of words, poetric talent, hopes, education.*

Билим, тарбия берүүнүн сапатын өркүндөтүү, өлкөбүздүн өнүгүшүнө өз салымын кошуучу атуулдарды тарбиялоо бүгүнкү күндүн олуттуу маселелеринин бири. Эл керегине жараган атуулдарды тарбиялоодо эң биринчи мектеп зор милдетти аркалайт. Мектептен алган билим сапаты окуучунун андан аркы илимин өркүндөтүүсүнө өбөлгө түзүп, анын турмуштагы жетишкен ийгиликтерине түздөн-түз таасирин берет. Окутуунун натыйжалуулугу берилүүчү маалыматтын көлөмүндө эмес, окуу ишмердүүлүктүн таасири астында окуучунун рухий дүйнөсүндөгү сапаттык өзгөрүүгө, калыптанууга байланыштуу болот.